«Бекитемин»

Мектеп жетекчиси___________ Боркеев Э.Т

«_1_» ____09_______20_17_

# Камчыбек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин өнүктүрүүнүн стратегиялык планына талдоо

Камчыбек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин өнүктүрүүнүн стратегиялык планы мектеп администрациясы тарабынан бекитилген. Бекитилген иш-пландын негизинде иш чаралар жүргүзүлүп келет.

1. Мектепте окуу процессинде заманбап технологияларды пайдалануу аркылуу окутуунун билим сапатын жогорулатуу жана компетенттүүлүккө тарбиялоо
2. Мугалидердин билимин жогорулатуу менен окуучунун билим сапатына жетишүү.
3. Жаш өспүрүмдөрдү адептүүлүккө жана көркөм эстетикалык маданий жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө тарбиялоо.

Жогорудагы түзүлгөн окуу программасынын негизинде иш жүргүзүлөт. Мектептин өнүктүрүү планы бар. Мектепте билим берүүнүн мазмуну жаңыртылып, билим берүү программаларынын өз максаттарына жетүүсүн жана окуучулардын билим деңгээлин жогорулатуу үчүн мониторингдер жүргүзүлүп, бааланып турат.

Мугалимдердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу, окуучулардын билим сапатын жогорулатуу жана заманбап МКТ мүмкунчүлүлүктөрүн билгичтик менен пайдалануу жана аларды практикада колонуу үчүн шарттар түзүлгөн.

Мектепте стратегиялык өнүктурүүнүнүн планынын негизинде милдеттер аткарылды. Мамлекеттик билим берүүнүн стандарттарынын талаптарына ылайык билим сапаты боюнча мониторинг жүргүзүлөт. Мектептин методикалык кызматтары тарабынан бир катар тренингдер, семинарлар аркылуу мугалимдердин кесиптик өзүн-өзү өркүндөтүүсүнө жана билим берүү маселелеринде ата-энелердин психологиялык-педагогикалык сабаттуулугун жогорулатууга жардамдар көрсөтүлөт.

Билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүгө түрткү берүүчү жана активдештирүүчү функциялар аткарылат.

Сын-Таш айылынын Камчыбек Шакиров атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин мугалимдер жамаатынын кесиптик компоненттүүлүгүн жана жалпы маданий деңгээлин жогорулатуу жана психологиялык микроклиматы жакшыртылды.

Дени сак жана коопсуз билим берүү чөйрөсү  жана дени сак жашоо образы жөнүндө түшүнүктөр калыптандырылды. Маалыматтык технологияларды жана лабораториялык жабдуулар натыйжалуу пайдаланылууда.

Программанын аткарылышын жалпы мектептеги ата-энелер комитети жана мектеп администрациясы, мониторингтин маалыматтарына жана прграмманын натыйжаларын жылдык баалоонун негизинде жүргүзүлүүдө.